Бишкек шаары

Биринчи май району

№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

## *Тема: Шаарга саякат*

**Мугалим: Замирбек кызы Гумушай**

**2017-2018-окуу жылы**

**Класс:** 3-в

**Күнү:** 15.03.17

**Кабинет:** 101

**Сабак:** кыргыз тили

**Сабактын темасы:** Шаарга саякат

**Сабактын максаттары:**

***А) билим берүүчүлүк-*** окуучулардын алган билимдерин бышыктап, текст менен иштөөгө үйрөтүү, сөздүк менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

***Б) өнүктүрүүчүлүк-*** окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, байланыштуу кебин өстүрүү. Топ аралык иштөөгө көндүрүү.

***В) тарбия берүүчүлүк-*** өз шаары менен сыймыктанууга, өлкөсүнүн татыктуу атуулу болууга тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы окуп үйрөтүү

**Сабактын ыкмасы:** интерактивдүү

**Сабактын формасы:** топ аралык

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, түстүү сүрөттөр, ватман, маркер, китеп, дептер ж.б.

**Сабак аралык байланыш:** орус тили

**Сабактын жүрүшү:**

1) **Уюштуруу:**
   КР гимни ырдалат (1 куплет)
   -Саламатсыңарбы, балдар!
   -Саламатсызбы, эже!
   -Балдар азыр кайсы мезгил?
   -Жаз мезгили.
   -Эшикте аба-ырайы кандай? Силерге жаз мезгили жагабы?
   -Эшикте күн жылуу. Ооба бизге жаз мезгили жагат.
2) **Үй тапшырмасын суроо.**
   -Кана, балдар үй тапшырмасын бардыгыңар аткарып келдиңерби? ( 1-2 окуучу окуйт)

**Жаңы теманы түшүндүрүү.**

- Балдар, силер кайсы шаарда жашайсыңар?

-Бишкек шаарында.

-Келгиле анда сүйүктүү Бишкек шаарыбыз жөнүндө видео көрөлү.( 3-4 мин)

-Балдар силерге видео жактыбы?

-Ооба!

-Анда, биз да бүгүн шаарыбызга саякатка чыгып келбейлиби? Кандай дейсиңер?

-Макул, саякатка чыгалы! –Урааааа!!1

Класс 2 топко бөлүнөт: ар бир топ  команда капитанын тандашат.

***1.Саякатчылар ( 8 окуучу)*** ***2.Бишкек ( 8 окуучу)***

-Мына, биз мектептен чыктык. Эми Чүй проспектисине келдик. Карагылачы Чүй проспектисинде эмнелер бар экен? Сүрөттөрдөн таап көрсөткүлөчү? Ооба, бул «Ала-Тоо» аянты (площадь), бул «Тарых» музейи, бул «Россия» кинотеатры, бул филармония, а бул Улуттук университет.

**<u>1- тапшырма</u>**

Тексттеги сүрөттөрдү сөздөр менен алмаштыргыла. (доскага текст илинет) окуучуларга  аралаш сөздөр таратылат. Туура сөздү таап сүрөттүн ордуна чапташат.

***Шаарга саякат***

Бир күнү классыбыз менен шаарга саякатка чыктык. Мына, шаарыбыздын чоң көчөсү. Көчөдө көптөгөн **( имараттар)** бар. Бул эң чоң көчө- Чүй проспектиси. Мына**, ( филармония).** Анын алдында «Манас» эпосуна арналган  **( эстеликтер)** бар. Бул улуттук **(университет)**. Бул Абдрахманов көчөсү. Мында эң чоң **( дүкөндөр),** китепкана, театрлар бар. Шаардагы саякат бизге абдан жакты.


Тапшырманы аткарган соң ар бир окуучуга текст таратылып берилет.

**<u>2-тапшырма</u>**

- Балдар, эми биз бул тексттеги жаңы сөздөр менен иштейбиз. (туура туташтыр)

саякат самый (очень)

имарат национальный



эстеликтер                                                путешествие

улуттук                                                     памятники

эң                                                              здание

**<u>3-тапшырма</u>**

-Балдар, эми ушул 5 сөз менен ( саякат, имарат,эстеликтер, улуттук, эң) сөз айкаштарын (словосочетания) түзгүлө. Кайсы топ канча сөз айкашын түзөт. Ар бир топко А4 барагы таратылып берилет.

Мисалы: кызыктуу саякат, чоң имарат, кооз эстеликтер, улуттук кийимдер, улуттук тамак-аштар, эң сулуу, эң кооз, эң таза, бийик имарат ж.б.

**Физкультминутка.** «Аюу чээнге барабыз» ыры менен гимнастика жасашат.

**<u>4-тапшырма</u>**

Ар бир топко А4 барагы жана түстүү кагаздан кесилген сөздөр таратылат. Окуучулар өңдөрүнө карап сүйлөм курашат. Кураган сүйлөмдөрүн доскага жазышат.

1-топко.

Бир күнү ……… менен ……… саякатка чыктык.

Курдашым экөөбүз …… көрдүк.

Саякатыбыз ……… башталды. ( классыбыз, шаарга, кино, кызыктуу)

2-топко

………. бизге аябай жакты.

Шаарыбызда кооз ……. көп экен.

…… алдындагы …….. абдан кызыктуу экен. (саякат,имараттар, филармониянын, эстеликтер)

**<u>5-тапшырма</u>. Сабакты бышыктоо**

«Бишкек» деген сөзгө кластер түзүшөт.

-Балдар, бүгүнкү сабак силерге жактыбы? Андамесе силерге үй тапшырма бүгүнкү жаңы сөздөр менен 5 сүйлөм түзүп келгиле.

**Баалоо.** Ар бир топтогу активдүү иштеген окуучулар бааланат.